**Маалыматтарды каттоо журналына №02-001-2023-012456 саны менен катталган билдирүү боюнча маалымат.**

28.05.2023 жылы Бишкек шаарынын Ленин РИИБнын ТКна ЭММКАК ычкам өкүлү  Джумашев Н.К. баяндама менен кайрылган анда 2023-жылдын 28-май күнү ЫЧКТга Гульнар аттуу жарандан маалымат келип түшкөн. №1039 шайлоо участкасынын төрайымы Мураталиева Мирсаида КРнын ЖКнин депутатына талапкер М.Айткулов жана Д.Ниязалиевага үгүтөө иштерин жүрузүп, 6000 сомдон шайлоочуларга таратып жатат. Мындан тышкары Жал кичи районунда жайгашкан "Гульнара" павилионунда М.Мураталиеванын эжеси шайлоочулардын добуштарын сатып алып жүрүшү мүнкүн деген маалымат түшкөн.

Аталган факт Бишкек шаарынын Ленин РИИБнун тарабынан АИС МЭЖне №02-001-2023-012456 саны менен 28.05.2023-жылы катталган.

Бул окуя боюнча Тергөө ыкчам тобу барган учурда аталган шайлоо участкасында тиешеси бар делген 27.12.1988-жылы туулган Мураталиева Мирзаида Кутпидиновна күбө катары суралып аталган жаран 2020-2021-жылы Бишкек шаарынын №93 орто мектебинде жайгашкан 1039 шайлоо участогунда төрайым болуп эмгектенгенин 10-ноябрь 2021-жылы шайлоо участкасынын атайын протоколунун негизинде аталган участоктон төрайымдыктан кеткенин тастыктап, учурда Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкер Сариев Улан Алмасбековичтин талапкерлигин жактап үгүт иштерине катышканын тактап кеткен. Учурда №1051 шайлоо участогунда талапкердин өкүлү болуп отурганын, эч кандай добуш сатып алууга катышпаганын тактап кеткен.

Ошол эле учурда аталган окуя боюнча күбө катары №1039 сандуу шайлоо участогунда төрайым Темиралиева Анара Абданбековна суралып, ал сурака алуу учурда төмөндөгүдөй көрсөтмө берген М.Мураталиеваны 2020-жылы ошол жогрудагы шайлоо учуастогунда төрайым болуп иштеген учурдан тартып тааныганын, акыркы КРнын Жогорку Кеңешинин дептутаттарын шайлоо учурунда М.Мураталиева жумушка келбегендигине байланыштуу анын ордуна төрайым болуп шайлагнганын, акркы жолу М.Мураталиеваны 2021-жылдын жаз айларында көргөнүн ошол убактан тартып аны көргөн эмес экенин тастыктап кеткен. 28.05.2023-жылы №1039 сандуу шайлоо участогунда шайлоо тынч өттүп жаткандыгын добуш сатуу сатып алуу боюнча маалыматы жок экенин билдирген.

Ошол эле учурда №26 Ленин округдук шайлоо комиссиясынын берген маалыматына ылайык 1988-жылы туулган Мураталиева Мирзаида Кутпидиновна №1039 шайлоо участкасынын төрайымы болуп 2021-жылдын ноябрь айында иштеген. 2021-жылдын 10 ноябрында №1039 шайлоо участкасынын протоколуна ылайык комиссиянын курамынан чыгарылган.

Мындан сырткары келип түшкөн маалыматта көргөзүлгөн Бишкек шаарынын Жал кичи районунда жайгашкан №200 даректеги жайгашкан көп кабатуу үйдун маңдайында жайгашкан “Гульнара” атуу дүкөндү кароого алуу учурнда аталган дүкөн жабык болгону аныкталган. Ал жайдан күбө катары 1990-жылы туулган Жапаркул уулу Арзыгул жана Рашидинов Ахат Рашидинович атуу жарандар суралылып. Аталган дүкөн көп учурда жабык тураарын билдиришкен.

Ошол эле күнү аталган окуя боюнча тергөөдө аныкталган далилдердин негизинде ЖПКнын 27-березе 1-бөлүгү 2-пунктунун негизинде кылмыш ишин козгоодон баш тартылган.

29.05.2023-жылы Бишкек шаарынын Ленин райондук прокуратурасы тарабынан кайрадан толук кандуу тергөө амалдарын жүргүзүү үчүн кылмыш ишин козгоодон баш тартуу туурасында токтом чыгарылып кайрадан тергөө амалдарын толуктоо иретинде Тергөө кызматына жөнөтүлгөн.

08.06.2023-жылы аталган окуя боюнча кайрадан толуктоо иштери жүргүзүлүп ЖПКнын 27-березе 1-бөлүгү 2-пунктунун негизинде кылмыш ишин козгоодон баш тартылган.

Бишкек шаарынын Ленин РИИБнын Тергөө кызматы